турмуштук вазипасы өзгөчө орунда турат. Эненин ыйыктыгына, улуулугуна маани берилип, элдик оозеки чыгармачылыктын бардык жанрында эне мээримин даңазалаган чыгармалар, макалдар бүгүнкү күнгө чейин жазылып келатат. Ар бир макал элдин ой чабытынын бийиктигинен жаралып, өз мезгилиндеги турмуш жагдайын эненин образы менен чагылдырып отурду. Алсак, «Бейиш эненин таманы алдында», «Энесин көрүп кызын ал, эшигин көрүп төрүнө өт», «Аталуу жетим арсыз жетим, энелүү жетим эрке жетим», «Эне сүтүн актоо – унутулгус карыз», «Эне сыйлаган элине жагат». Демек, аялзатынын ар кандай сапатын туюндурган кыргыз элинин макалдары адамдарга өз таасирин тийгизип, аларды адамдагы жакшы сапаттарга үндөөгө көмөкчү материал боло алат деп ойлойбуз.

Мыкты көркөм тексттерде бир эле учурда көп пландуу, көп тармактуу бир нече максат-мүдөөлөр көздөлөт. Өзүнүн жагымдуу, ыргактуу, көркөм, образдуу касиет-белгилери менен андай көркөм тексттер адамдын сезимине жана акыл-туюмуна күчтүү таасир этип, адамды ичинен козутуп, ичинен арбап, аны кайгыртып жана кубантып, миң түркүн ой санаага тушуктурат, миң түркүн сезимдерге сугарат. Көркөм текст адамдын ички дүйнөсүн аруулап, сезимдерин тазартуучу, рухун көкөлөтүүчү күчкө ээ болот. Көркөм текст адамдын эмоционалдык дүйнөсүн калыптандырат, акыл-эсин дүйнө-таанымын кеңейтет, көркөм эстетикалык табитин өнүктүрөт, ар нерсеге түшүнүк туюмун байытат.

**Адабияттар:**

1. Мамытов, Ж. Көркөм чыгарманын тили [Текст] / Ж. Мамытов. - Бишкек: Учкун, 1990. - 8-бет.
2. Маразыков, Т. С. Тексттин стилдик түзүлүшү [Текст] / Т. С. Маразыков. - Бишкек, 2014. - 82-бет.
3. Маразыков, Т. С. Текст таануунун теориясы : Окуу куралы [Текст] / Т. С. Маразыков. - Бишкек, 2014. - 6-бет
4. Reflection of the concept of a "Woman" in Kyrgyz proverbs // Вестник Бишкекского гуманитарного университета. - 2018. - No. 3(45). - P. 187-189. - EDN YBEACL
5. Анапияева, А. А. Көркөм стилдеги тексттер тууралуу / А. А. Анапияева, А. Абдылдаева, Ж. Сыдыкова // Вестник Иссык-Кульского университета. – 2022. – № 52-2. – с. 45-50. – EDN DSCRIX.
6. https://stepen.vak.kg/wp-content/uploads/2024/03/Disertaciya-Tazagul-Ezheke.pdf

DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2025-61-289-295
УДК: 808.5

***Самакова М.**, магистрант*
*magrifarahimova@gmail.com*
*ORCID: 0009-0002-6035-6538*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*
*Каракол ш., Кыргызстан*

## ЖАҢЫЛМАЧТАРДЫН ТИЛДИК СПЕЦИФИКАСЫ

*Жаңылмачтар дидактикалык жанрдагы чыгармалардын башка түрлөрүнөн тилдик уюшулушу жагынан кескин айырмаланып турат. Бул макалада жаңылмач тутумундагы тилдик каражаттардын ар түрдүү ыкмаларда колдонулушун белгилөө менен катар, ал сөздөрдүн кайра-кайра кайталанып колдонулушу, сүйлөмдөрдүн грамматикалык окшош*

*формаларда аякталышы, бирдей ыргакта куюлушуп уюшулушу, тагыраак айтканда, ритм жаңылмачтарда гана эмес, элдик оозеки чыгармалардын бардык түрлөрүндө жолугары да көрсөтүлдү. Жаңылмачтар тилинин синтаксистик курулушу, сөздөрдүн колдонулушу, жайгашуу тартиптери, интонациялык айтылыш бөтөнчөлүгү, ыгы боюнча дидактикалык жанрдагы чыгармалардын башка түрлөрүнөн кескин айырмаланары факты-материалдардын мисалында далилдөөгө алынат.*

*Дидактикалык жанрдагы чыгармалардын кайталоолорунун маанилик функциялары бар. Жаңылмачтардагы кайталоо өзгөчө ритмди жаратып, дал ушундай стилдик аспектиде алардын маанилик мазмунуна таасирин тийгизип, жаңылмачтын спецификалык бөтөнчөлүгүн шарттап, андагы уккулуктуулукту, көркөмдүүлүктү, эвфониялуулукту жогорулатат. Мындай тилдик түзүлүш, сөздүк кайталоо жаңылмач тилинин эн белгиси болуп саналары ырасталат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *жаңылмач, дидактика, дидактикалык чыгармалар, тыбыштык кайталоо, сөз кайталаныштары, тилдик каражаттар, тилдик специфика, сөз, сөз айкашы, сүйлөм, синтаксис, грамматика.*

***Самакова М.**, магистрант*
*magrifarahimova@gmail.com*
*ORCID: 0009-0002-6035-6538*
*ИГУ им. К. Тыныстанова*
*г. Каракол, Кыргызстан*

## ЯЗЫКОВАЯ СПЕЦИФИКА СКОРОГОВОРОК

*Скороговорки существенно отличаются от других видов произведений дидактического жанра с точки зрения языковой структуры. В этой статье, помимо указания на разнообразные способы использования языковых средств в системе скороговорок, также было отмечено, что эти слова часто повторяются, предложения заканчиваются в грамматически схожих формах, организуются в одинаковом ритме, это встречается не только в ритмических скороговорках, но и во всех видах народных устных произведений.*

*Синтаксическая структура языка скороговорок, использование слов, порядок их расположения, интонационные особенности произношения, а также различия в жанре, по сравнению с другими видами произведений дидактического жанра, показаны на примере фактического материала.*

*Произведения дидактического жанра имеют смысловые функции повторений. Повторение в скороговорках создаёт особый ритм, который влияет на их смысловое содержание в этом стилевом аспекте, формируя специфическую особенность скороговорки, повышая её звучность, художественность и эвфоничность. Такая языковая структура, словесное повторение, считается одной из главных характеристик языка скороговорок.*

***Ключевые слова:*** *скороговорка, дидактика, дидактические произведения, звуковое повторение, повторения слов, языковые средства, языковая специфика, слово, словосочетание, предложение, синтаксис, грамматика.*

***Samakova M.**, master's student*
*magrifarahimova@gmail.com*
*ORCID: 0009-0002-6035-6538*
*K. Tynystanov Issyk-Kul state university*
*Karakol city, Kyrgyzstan*

## LINGUISTIC FEATURES OF TONGUE TWISTERS

*Tongue twisters significantly differ from other types of works in the didactic genre in terms of their linguistic structure. This article, in addition to pointing out the various ways of using linguistic tools in the system of tongue twisters, also notes that these words are often repeated, sentences end in grammatically similar forms, and are organized in the same rhythm. This is observed not only in*

*rhythmic tongue twisters but also in all types of folk oral works.*

*The syntactic structure of the language of tongue twisters, the use of words, their arrangement, intonational features of pronunciation, as well as the differences in genre compared to other types of works in the didactic genre, will be demonstrated using actual material.*

*Works of the didactic genre have semantic functions of repetition. Repetition in tongue twisters creates a special rhythm that affects their semantic content in this stylistic aspect, forming a distinctive feature of the tongue twister, enhancing its sonority, artistic quality, and euphony. This linguistic structure, verbal repetition, is considered one of the main characteristics of the language of tongue twisters.*

***Key words:*** *tongue twister, didactics, didactic works, sound repetition, word repetition, linguistic tools, linguistic specificity, word, phrase, sentence, syntax, grammar.*

Жаңылмач сөз оюну катары коомдук турмушта байыртадан бери чоңдор арасында да, балдар арасында да колдонулуп келет. Чоңдор арасында колдонулган учурунда сөздөрдү бат айтуу, так айтуу, жаңылбай айтуу максаттары көздөлөт да, сыноо тапшырмасы коюлат. Балдар арасында жаңылмач айтууда ушул эле максаттардын коюлушу менен катар, эң башкысы, балдардын тилин жатыктыруу, көнүктүрүү, өнүктүрүү тапшырмалары кошо камтылат. Ушундан улам, алардын дидактикалык чыгармалардын башка түрлөрүнөн кескин айырмалап турган мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнүн бар экендиги, коомдогу ролу, аткарган функциясы ачык байкалып турат. Мындагы баса белгилей турган нерсе жаңылмач тутумундагы тилдик каражаттардын ар түрдүү ыкмаларда кайталанып колдонулушу болуп саналат. Жаңылмачтардын тилдик спецификасында ачык-айкын, даана көрүнүп турган төмөндөгүдөй сөз колдонулуштарын белгилебей коюуга болбойт:

- сөздөрдөгү тыбыштардын жыш кайталанышы аркылуу үндөштүктө жаралган сөз колдонулуштары: *Кырк кызыл куйрук, кызыл куйрук ичинде кылдырык кыл куйрук* – мындагы **к** тыбышын;

- бир сөздүн ар түрдүү грамматикалык формаларда колдонулушу: *Эртең аркарлар марчага марчалайт, эртең аркарлар марчага марчаласа, ...* – мындагы: **марчага, марчалайт, марчаласа** сөз формаларын;

- өз ара уйкаштыкта турган сөздөрдүн сап аралыгында алмашылып колдонулушу: *От экен маралга да арал, оттосун аралга да марал* – мындагы: **маралга да арал, аралга да марал** сөз колдонуштарын;

- тыбыштык окшоштуктагы ар башка сөздордүн катарынан колдонулушу: *Түрптү тыт тутуп туруптурбу, тытты түрп тутуп туруптурбу?* – мында: **түрп, тыт, тутуп, туруптурбу** сөздөрүнүн катарынан удаалаш колдонулушун;

- бир эле сөздүн бир канча жолу колдонулушу:

*Асманда эки айры куйрук,*
*бири – ак айры куйрук,*
*бири – кара айры куйрук.*
*Ак кыска айры куйруктуу айры куйрук,*
*кара кыска айры куйруктун жолун тосот.*
*Кара кыска айры куйруктуу айры куйрук,*
*ак кыска айры куйруктун жолун тосот,*

мындагы: **айры куйрук** сөзүнүн алты жолу, **айры куйруктуу, бири, тосот, жолун** сөздөрүнүн эки сыйра, **ак, кара** сөздөрүнүн үч жолу, **кыска** сөзүнүн төрт сыйра колдонулуштарын көрсөтсөк болот.

Тең байланыштагы татаал сүйлөм түзүлүшүндөгү жаңылмачтардын жөнөкөй сүйлөмдөрү, же алардын кайсы бир сүйлөм мүчөлөрү, көбүнчө баяндоочтору окшош,

же болбосо бирдей тыбыштык түзүлүштө келип өтө жөнөкөй, карапайым тилде уюшулгандыгын көрүүгө болот:

1) *Маң-маң кашка коюм,*
*Бешөө беш башка коюм.*
*Тиши ушак коюм.*
*Буту тушак коюм.*

2) *Белестеги беш кашка кой,*
*Бешөө беш башка кой.*
*Беш аласы кунан кой,*
*Беш аласы дөнөн кой.*

Келтирилген мисалдар – байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдөн уюшулган жаңылмач. Ар бир жөнөкөй сүйлөмү бири-бирине карата эч кандай атайын грамматикалык каражаттарсыз, интонациялык жактан байланышып турушат. Маселен, **кашка, башка; кунан, дөнөн** сөздөрү окшош айтылышта колдонулса, **кой, беш; беш аласы** сөздөрү текст тутумунда бир канча жолу кайталанып айтылды. Буларды бирдей түзүлүштөгү сөздөр катары карайбыз.

Тутумундагы сөздөрдүн кайра-кайра кайталанып колдонулушу, сүйлөмдөрдүн грамматикалык окшош формаларда аякталышы, бирдей ыргакта куюлушуп уюшулушу, тагыраак айтканда, ритм жаңылмачтарда гана эмес, элдик оозеки чыгармалардын бардык түрлөрүндө жолугат. Көрүнүктүү окумуштуулардын бири И. Я. Стеблева: «Түрк тилиндеги байыркы адабият» аттуу макаласында: «Орхон-Енисей тексттеринин ритмикалык жактан курулушу Алтай менен Түштүк Сибирди, Волго бою менен Орто жана Кичи Азияны мекендеген азыркы түрк элдеринин фольклордук ырларынын ритмикасына окшош» [2, 411-б.], тилчи профессор Ж. К. Сыдыков: «Байыркы түрк эстеликтериндеги сүйлөмдөрдүн интонацияларын даана сыпаттап чыгуу өтө татаал, бирок андагы үндүү жана үнсүз тыбыштарынын белгилүү системасындагы айкалыштарынын… жакындыгы бар экендигин оңой эле байкоого болот» [3, 144-145], - деп айткандары, окумуштуу тилчи К. Т. Токтоналиев В. В. Радловдун кыргыздар кара сөз менен сүйлөгөндө дагы андан ритмикалык өлчөм байкалып тургандыгын сезип, ритмикалык ачык өлчөмдүү сүйлөмдөр биринин артынан экинчиси ыр жана ырдын куплеттери сыяктуу кайталануу менен ыр сымалында угулат [4, 133-б.] деген пикирин баса белгилегени түздөн-түз жаңылмачтарга да тиешелүү. Кыргыз эл жаңылмачтарынын бардыгы ыр түзүлүшүндө келет да, андагы саптар уюшулуш эрежеси боюнча өз ара уйкаштыкка, белгилүү бир ыргактуулукка, муун сандарынын бирдей өлчөмдөрүнө баш ийип турат:

1. *Жылкы жыйырмага чыкпай картаярбы?*
*Картайган жылкынын сөөгү аркаярбы?*
*Картайган киши кайтарарбы?*

2. *Бир түп тыт,*
*Бир түп түрп.*
*Тыт түрптү түрөт,*
*Түрп тытты түртөт.*

3. *Чамгаракта чарт элек,*
*Чартылдашкан эки элек.*
*Босогодо эки элек,*

*Болтулдашкан эки элек.*

4. *Бадал арал, бадал арал,*

*Бадал аралда аттогон бала марал.*

5. *Эртең аркарлар марчага марчалайт,*

*Эртең аркарлар марчага марчаласа,*

*Биздин жердеги аркарлар марчага марчалабай,*

*Кимдин жериндеги аркарлар марчага марчалайт?*

Ыр түзүлүшүндөгү уюшулган мындай жаңылмачтарда бөтөнчө интонация бар. Ал тексттин тез темпте, токтоосуз шыр айтылышына байланыштуу келип чыккан. Тутумундагы сөздөрдүн окшош же кайталанып айтылуулары ырга мүнөздүү ыргакты шарттап турат.

Жаңылмачтар тилинин синтаксистик курулушу, сөздөрдүн колдонулушу, жайгашуу тартиптери, интонациялык айтылыш бөтөнчөлүгү, ыгы боюнча дидактикалык жанрдагы чыгармалардын башка түрлөрүнөн олуттуу айырмаланып турат. Макалдардын, ылакаптардын, табышмактардын синтаксистик түзүлүшүндө бир эле сүйлөмдүн кайра-кайра кайталанып колдонулушу мүнөздүү эмес. Анткени алардын семантикалык-структуралык мазмунуна ылайык сүйлөмдөр кайра-кайра кайталанбайт, т. а., синтаксистик-семантикалык мазмундун табияты кайталанган сүйлөмдөрдү талап кылбайт. Ырас, бир канча сүйлөмдөрдөн турган макалдардын, табышмактардын тутумунда стилдик талапка ылайык, сөздөрдүн сөз айкаштарынын кайталанышы толук мүмкүн:

1. *Коркок миң өлөт,*

*Баатыр бир өлөт* (макал).

2. *Эр – элдин көркү,*

*Токой – жердин көркү* (макал).

3. *Эрден кийин урмат жок,*

*энеден кийин төркүн жок* (макал).

4. *Чындыкты тануугa болбойт,*

*достукту чанууга болбойт* (макал).

5. *Байдын ниети кара, колу ак,*

*Кедейдин колу кара, ниети ак* (макал).

6. *Тоодон топ түштү,*

*Буту, колу жок түштү* (табышмак).

7. *Эшке чыкса «кир-кир» - дейт,*

*Үйгө кирсем «чык-чык» - дейт* (табышмак).

8. *Эки куланды бир кулан жеп келет,*

*Аркасынан аптапка салып келет* (табышмак).

9. *Тиги үйдө да тып-тып,*

*Бул үйдө да тып-тып* (табышмак).

Же болбосо, окшош түзүлүштөгү сүйлөмдөрдөн уюшулат:

*Жакшылыкка жакшылык – ар кишинин иши,*

*Жамандыкка жакшылык – эр кишинин иши.*

*Жамандыкка жамандык – көр кишинин иши* (макал).

Дидактикалык жанрдагы чыгармалардын кайталоолорунун маанилик функциялары бар. Кайталоо ритмди жаратууга катышуу менен катар, алардын маанилик мазмунун дал ушундай стилдик аспектиде арттырып, уккулуктуулугун,

көркөмдүүлүгүн, эвфониялуулугун жогорулатат. Мындай тилдик түзүлүш, сөздүк кайталоо жаңылмач тилинде да абдан ийкемдүү пайдаланылат. Ал эми бир эле сүйлөмдүн кайталанып колдонулушу дидактикалык чыгармалардын гана энчисине буйрулгандай:

1. *Үч күчүк үшүп,*
*Үч күчүк үшүп,*
*Үнү бүтүп.*
2. *Көп көпөлөк көкөлөк өтөт,*
*көп көпөлөк көкөлөп өтөт,*
*төрт көпөлөк бөлөк өтөт.*

Жаңылмачтардагы асты сызылган сүйлөмдөрдүн кайталанышы, эң башкысы, ойдун мазмундуулугун күчөтүү максатында колдонулган жок. Жаңылмачтагы бардык кайталоолор (сөздөр, сөз айкаштары, сүйлөмдөр, муундук дал келүүлөр) башка максатта колдонулат, т. а., кайталоолорду тез темпте бат-баттан айтсак, жаңылышууга алып келбей койбойт. Жаңылышуу болсо жаңылмачтын негизин түзөт. Макал, ылакаптарда, табышмактарда сөздөрдүн кайталанышы бир түрдүү грамматикалык формаларда учурайт:

1. *Жакшы кызга жаман кыз*
*Багы менен теңелет.*
*Жакшы кушка жаман куш,*
*Багы менен теңелет.* (макал).
2. *Эски дос эстен кетпейт,*
*Жаңы дос баркка жетпейт* (макал).
3. *Өйүзүнүн жакшысы*
*Топчу кулак торала.*
*Бүйүзүнүн жакшысы*
*Кайни кулак карала* (табышмак).
4. *Аркы өйүздүн жылкысы,*
*бака-шака тебишет.*
*Берки өйүздүн жылкысы,*
*Шака-шука тебишет* (табышмак).
5. *Аргымактын жакшысы,*
*Азыраак оттоп, көп жуушайт.*
*Азаматтын жакшысы,*
*Азыраак сүйлөп, көп тыңшайт.*

Мындай шартта кайталанган сөздөр бирдей ритмикалык өлчөмдө айтылып, тексттин, сүйлөмдүн уккулуктуулугун арттырып, көркөмдүүлүгүн жогорулатып турат жана синтаксистик милдеттери да окшош. Кадыресе прозалык чыгармалардагы бир сөз бир сүйлөм ичинде улам-улам кайталанып колдонулса, ошол сүйлөмдүн синтаксистик мазмуну жарды келип, стилдик жагын мүчүлүштөтөт.

Жаңылмачтарда да кайталанган сөздөр арбын жолугат. Алардын милдети да жогорку мисалдардагыдай функцияга ээ. Ушуну менен катар эле, жаңылмачтарда сөздөрдүн кайталанышы башкача стилдик ыкмада да берилет. Атап айтканда, кайталанган сөз ар түрдүү грамматикалык формаларда туруп жүзөгө ашырылат:

*Жылкы жыйырмага чыкпай картаярбы?*
*Картайган жылкынын сөөгү аркаярбы?*

*Картайган картаң жылкыны,*
*Картайган киши кайтарарбы?*

Биринчиден, мисалдагы **картаң** сөзү беш жолу кайталанса дагы, жаңылмачтын синтаксистик түзүлүшү жана мазмуну бузулууга учураган жок, экинчиден, бешөөнүн үчөө ар түрдүү грамматикалык формаларда (картаярбы, картайган, картаң) колдонулуп, жаңылтуунун өзүнчө бир ыкмасы катары алынды. Жаңылтуунун мындай жолдоруна жаңылмачтардагы кайталанган сөздөрдүн орун алмашылып айтылуулары да кирет:

*Ал аралда да марал,*
*Бул аралда да марал.*
*От экен маралга да марал.*
*Оттосун аралга да марал.*

Орун алмаштырып кайталоонун мындай түрлөрү жаңылмачтардын тилдик түзүлүшүндөгү өзүнчө стилдик ыкмалардан болуп саналат. Түрдүү грамматикалык формаларда жана орун алмаштырып кайталоолор макалдардын, ылакаптардын, табышмактардын, грамматикалык түзүлүшүндө жолукпайт.

Жаңылмачтардын дагы бир спецификалык бөтөнчөлүгү алардын тез темпте айтылышы болуп саналат. Кара сөз түрүндөгү кадыресе сүйлөмдөрдө айтуучу өз оюн туюндуруусуна жараша ар түрдүү интонациялык тондо билдире берет. Маселен, *Ал окуйт* деген жөнөкөй сүйлөмдүн ар түрдүү айтылышына көңүл бурсак:

1. Ал окуйт – жайынча баяндоо маанисинде,
2. Ал окуйт – маалыматтык кабар маани;
3. Ал окуйт! - буйрук, талап мааниси;
4. Ал окуйт? – суроо маанисинде айтылды.

Мындай ар кыл максаттагы маанилик айтылыш сүйлөөчүнүн оюна жараша жаралат. Ал эми кайсы гана жаңылмачты албайлы, алардын мазмундук маанисине басым жасалбастан, тез темптеги айтылыш мүнөзүнө көңүл бурат. Сөздөрдү, сөз айкаштарын, фразаларды, сүйлөмдөрдү биринин артынан бирин дароо, шыдыр, бат айтуу дидактикалык чыгармалардын башка түрлөрүнүн бирине да мүнөздүү эмес. Ошондуктан жаңылмачтардын эн белгиси тез темптеги айтылыш бөтөнчөлүгү болуп саналат.

**Адабияттар:**

1. Кыргыз эл табышмактары, жаңылмачтары, калптары [Текст] / Түзгөн: Ж. Мукамбаев, Ж. Таштемиров Ж. - Фрунзе: Мектеп, 1971. - 195 б.

2. Кыргыздар. 2-китеп [Текст] / Түзгөн жана башкы ред. К. Жусупов. - Бишкек, 1993. - 570 б.

3. Сыдыков, Ж. К. Байыркы кыргыз эли – кыргыз тили [Текст] / Ж. К. Сыдыков. - Бишкек: Бийиктик, 2002. - 224 б.

4. Токтоналиев, К. Т. Кыргыз тилиндеги айтымдын коммуникативдик-функционалдык жана интонациялык структурасы [Текст] / К. Т. Токтоналиев. - Бишкек, 2004. - 307 б.